**«БЕКИТЕМИН»**
**К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий иштер, эл аралалык байланыш жана мамлекеттик тил боюнча проректору**
**ф. и. д., профессор Мурзахметова Г. М.**

**15 – ноябрь 2019-жыл, Бишкек шаары**

**Эрдолатова Нургуль Нуралиевнанын** 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Султан Ибраимов – мамлекеттик жана саясий ишмер»** аттуу диссертациясын ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон К.Карасаев атындагы Бишкек мамекеттик университетинин «Кыргызстан жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын

## КОРУТУНДУ - ПИКИРИ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.07.18.578 диссертациялык кеңештин 2019 - жылдын 15–ноябрда болгон кезексиз отурумунда **Эрдолатова Нургуль Нуралиевнанын «Султан Ибраимов – мамлекеттик жана саясий ишмер»** аттуу диссертациясын ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме катары К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстан жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасы бекитилген.

2019-жылдын 15-ноябрында Эрдолатова Нургуль Нуралиевнанын аталган диссертациясынын кол жазмасы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстан жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын адис-окумуштуулары тарабынан талкууланды. Ал төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келди:

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

## 1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы мамлекеттик программалар менен байланышы.

Адамзаттын тарыхынын алгачкы жамааттык коомдон тышкары ар кыл баскычтарында, урунттуу учурларында чыгаан инсандар маанилүү роль ойношкону белгилүү. Кандай гана коом, мамлекет же эл болбосун жетекчилери алысты көрө билген көсөм, адилет, эрки бекем, чечкиндүү ишмерлер болсо алга карай динамикалуу түрдө тез темпте өсүп - өнүгөт. Эгерде, тескерисинче жетекчилеринин деңгээли төмөн, жан дүйнөсү жарды, өзгөчө эрки бош болсо өнүкпөй артта калат, барган сайын элдин турмушу оорлойт, өлкө көптөгөн көйгөйлөргө, кыйынчылыктарга кабылат. Мындай оң жана терс жагдайлар кыйла кылымдарды карыткан кыргыздардын тарыхый тагдырында дагы далай ирет кайталанганы чындык. Албетте, эки миң жылдан ашуун жазма тарыхыбыздын айрым мезгилдеринде ата – бабаларыбыздын атагы алыска угулуп, зоболосу асмандаганына же болбосо алсырап, бөлөк-бөтөн өлкөлөргө күнкор болушуна дал ошондой эки башка типтеги коомдук – саясий ишмерлер себепкер экени шексиз. Анткени Ата Журтунун, элинин эртеңки келечегин ойлогон, адат – нарктар менен каада – салттарды сактоодо башкаларга үлгү боло алган, кара кылды как жарган калыс, артыкча касиеттерге жана асыл сапаттарга ээ жол башчы гана элге туура жолду көрсөтүп, калкынын түпкү кызыкчылыктарына шайкеш айкын максаттарды аныктай алат.

Алсак, 1950 – жылдарда Кыргызстандын социалдык – экономикалык, маданий өнүгүшүнө жана улуттук кадрларды даярдоого И. Раззаков олуттуу салым кошкондуктан чыныгы улуттук лидер катары элеси элдин эсинде сакталып калды. Ошол эле жылдарда жана андан соң Т. Кулатов, 1960 – 1980 - жылдарда Т. Усубалиев, С. Ибраимов, А. Масалиев сыяктуу партиялык-советтик жетекчилер республикабыздын ар тараптан ыраттуу өнүгүшү үчүн алгылыктуу аракеттерди жасашкан.

Ошол ишмерлердин ичинен С.Ибраимов трактористтен Өкмөттүк жетекчиге чейин бир кыйла баскычтан өтүп көтөрүлгөндүгүн алардын

өтөлгөлүү өмүр жолу, мамлекеттик жана саясий ишмердиги, бай тажрыйбалары ар тараптан терең иликтөө изилдөөнүн илимий жактан актуалдуулугун шарттап турат.

С. Ибраимов 1960 – 1980-жылдарда кайсыл тармактарда, аймактарда кандай кызматтарды аркалабасын, иштермандыгы, жөнөкөйлүгү, кичи пейилдиги, талап коё билгендиги, талыкпас эмгеги менен калктын кадырлоосуна арзыган. Бүгүнкү мезгилге чейин анын өмүрү, башкаларга үлгү болорлук үзүрлүү ишмердиги илимий изилдөөгө алына элек. Улуттук деңгээлдеги улуу инсандардын бири С. Ибраимовдун Кыргызстандын жалпы өсүп өнүгүүсүнө кошкон зор салымын илимий негизде иликтеп изилдөө небак бышып жетилген маселе болуп эсептелет. Ошондуктан диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу далилдүү жана негиздүү.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын чектериндеги иштин илимий жыйынтыктары.**

Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы, илимий-практикалык, тарыхнаамалык жыйынтыктарга жетишилген. Ал кыргыз тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошуп, кыргыз тарых илиминин өнүгүшүнө да алгылыктуу таасир тийгизе алат. Алар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык.*** Талапкер изилдөөгө алынган тема боюнча тарыхый эмгектердин, мыйзамдуулук булактардын жана архивдик материалдардын негизинде актуалдуулугун, илимий маанисин белгилөө менен анын жаңычылдыгын ачып бере алган. Автор изилдөө объектиси катары советтик доордогу Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы чыгаан инсан С.Ибраимовдун орду жана ролу каралган. Илимий изилдөөгө автордун жаңычылдыгы, жеке салымы так белгиленип, коргоого коюлган милдеттер менен максаттар конкреттүү аныкталган *(Киришүү).*

***2-жыйынтык.*** Автор изилдөө ишинин максаты менен милдеттерине карата теманын тарыхнаамалык маалыматтарын кароо негизинен эки багытта жүргүзгөн. Биринчи, С.Ибраимовдун мамлекеттик жана саясий ишмердүүлүгүнө илимий баа берүүдө ал инсандын ишмердүүлүк

жылдарындагы Кыргызстандын коомдук-саясий жана экономикасынын абалы каралган тарыхый, илимий эмгектерге токтолуу менен, тарыхнаамалык багытта анализ жүргүзүү аракети жасалган. Экинчи, кыргыз тарыхнаамасындагы инсан таануу маселеси менен бирге С.Ибраимовдун бейнесине арналган тарыхый, илимий эмгектерди иликтөө маселе экендигин тактай алган *(I бап. 1.1.- параграфы).*

***3-жыйынтык.*** Изденүүчү кыргыз тарыхнаамасында инсантаануу маселеси мезгил талаптарына карай каралып келинген. Тарыхнаамадагы бул проблеманы совет мезгилине чейинки, совет доорундагы жана эгемендүүлүк жылдарындагы изилдөө иштери деп үч топко бөлүп карап изилдөөнүн илимий, тарыхый принциптерин пайдаланылган *(I бап. 1.2.- параграфы).*

***4-жыйынтык.*** Диссертант каралып жаткан теманы изилдөөдө колдонулган илимий иштин булактык базасы кеңири жана көп түрдүү экендиги баса белгилеп, ал булактар өзүнүн предметтик мазмуну жана формасы боюнча республикалык деңгээлдеги расмий жыйындардагы сунулган докладдар жана отчеттор, областтык деңгээлдеги расмий жыйындардагы жарыяланган материалдар, архивдик булактар, идеялык – партиялык өзгөчөлүккө ээ болгон методологиялык топтогу булактар, С.Ибраимовдун үй-бүлөсүнүн жана замандаштарынын маектери, эскерүүлөрүн колдонгон. Мындай булактык базаны илимий айлампага киргизүүдө автор тарабынан колдонулган методологиялык принциптер, изилдөө ыкмалары туура пайдаланылган *(II бап).*

***5-жыйынтык.*** Изденүүчү 1960–1980-жж. Советтик Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсү күч алып, калктын социалдык абалы жакшырып, маданияты менен илим-билими өнүгүп, коомдук турмушта көптөгөн алга жылууларын статистикалык, архивдик жана адабияттардын негизинде берилген *(III баптын 3.1. – параграфы).*

***6-жыйынтык.*** С.Ибраимовдун балалык чагындагы айлана-чөйрөсүнүн таасири, ата-энесинен алган таалим-тарбиясы, кесиптик орто жана жогорку билими – өзү сүйгөн багытта эмгек жолунун башталышына түрткү болуп,

чыгаан саясий ишмер катары калыптануусуна шарт түзгөн. Анын мамлекеттик жана партиялык иштерге активдүү аралашып, өзүнүн иш билгичтиги, иштермандыгы, тубаса шык-жөндөмүнүн натыйжасында республикалык деңгээлдеги коомдук саясий жетекчиге чейин өсүп жеткендигин ар тараптуу изилдөөгө алган *(3.2-3.3. - параграфы)*.

***7-жыйынтык***. Автор изилдөөдө С.Ибраимов жетектеп турган убакта Ош областынын экономикасы жана маданияты өнүгүп, калктын турмушу жакшыра баштаган. Бул мезгилде областтын өнөр жайынын бир катар тармактарында ири жетишкендиктер байкалып, бул багытта жетекчилик түрдүү иш чараларды жүзөгө ашырылгандыгын фактылар менен далилдеген. *(IV баптын 4.1. - параграфы)*.

***8-жыйынтык*** Анын талыбас эмгегинин, карапайым калктын кызыкчылыгы үчүн камкордугунун натыйжасында областта ири ийгиликтер жаралган. Ошол он жыл аралыгында Ош областынын калкынын социалдык абалы жакшырып, күндөлүк турмуш – тиричилигинде кескин өзгөрүүлөр байкалды. Билим берүү системасы өсүп – өнүктү, алардын саны өсүп, билим берүүнүн сапаты артты. Маданий - агартуу мекемелердин: театрлардын, китепканалардын, массалык маалымат каражаттарынын иши жакшырды. Кыска аралыкта республикалык деңгээлдеги маанилүү кызматтарды ээлеп турган учурда С.Ибраимов калк арасында өзүнүн уюштуруучулук жөндөмү, жетектөөдө бай тажрыйбасы менен зор урмат-сыйга арзыган жана өзүн кыраакы мамлекеттик жетекчи катары дагы бир ирет коомчулукка далилдей алган.Тилекке каршы, анын өмүрү кайгылуу мүнөздө аяктап, көптөгөн ой-максаттары, келечекке мерчемделген иштери аягына чыкпай калган. Анын каргашалуу өлүмүнө өзүнүн коррупцияга, паракордукка каршы күрөшү себеп болгон деген жыйынтык чыгарган *(4.2 - 4.3.- параграфы.*

### 3. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.

Талапкер автордук пикирлерин жана өз иликтөөсүнүн ар бир жаңы жыйынтыктары менен корутундуларын жетишээрлик деңгээлде негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Илимий изилдөөдөгү ар түрдүү тарыхый булактарга жана материалдарга таянып жасалган корутундулар кыргыз тарых илиминде олуттуу мааниге ээ. Диссертациянын негизги жоболору менен тыянактары мыйзамдык булактарды, архивдик жана статистикалык документтерди, көптөгөн авторлордун эмгектерин, мезгилдүү басма сөз каражаттарын, интернет булактарын жана автор тарабынан чогултулган эмпирикалык материалдарды колдонуунун негизинде түзүлгөн. Илимий айлампага киргизилген булактар менен материалдар жана изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жемиштүү жыйынтыктарда бергендиги шексиз. Совет мезгилинде Кыргызстандын өсүп-өнүгүшүнө бараандуу, салмактуу салымын кошкон, кыргыздын чыгаан уулу С. Ибраимов жашаган заманга, анын өмүр таржымалына сарэсеп салып изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарган: Ал жыйынтыктар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык.*** 1960 – 1980-жылдарда республикада калктын жашоо деңгээли жакшырып, бир топ өнөр жай ишканалары курулган. Экономиканын негизги тармактарында, оор жана жеңил өнөр-жайында, курулушта, айыл-чарбасында алгылыктуу иштер аткарылган. Анын балалык чагы кыйла кыйынчылыктарга туш болуп, жаш чагынан чыйрак жана бышык болуп жетилишин тарыхый булактардын жардамы менен маселени аныктаган.

***2 - жыйынтык.*** С. Ибраимов бала кезинен эле зээндүү, сергек, боорукер болуп чоңойгондугу белгилүү. Акылга карк карыялардын, далай оош – кыйыштуу окуяларды баштан кечирген улуу муундагы айылдаштардын айткан акыл-насааты, өзүнүн ар нерсеге дилгирлиги, шык-

жөндөмү, эмгекчилдиги, эркинин бекемдиги анын эрте эр жетишин, иш билги чыныгы адис катары калыптанышын шарттаганы шексиз. Өз ишин мыкты билген адис катары алгачкы кадамдары аны партиялык ишке - Кыргызстан КП БКнин чоң бөлүмүнө ишке тартылышына шарт түзгөн. Кыргызстан КП Аламүдүн райкомунун экинчи катчысы, Кыргыз ССРинин мелиорация жана суу чарба министри кызматтарында дагы жан үрөп эмгектениши чыныгы мекенчил экендигин тастыктап турган факторлорду аныктаган.

***3 - жыйынтык.*** С. Ибраимов Ош областын жетектеп турган жылдары аймак ири ийгиликтерге бай болду. Чындыгын айтканда дал ошол он жыл ичинде С.Ибраимовдун жетекчилик өнөрү өркүндөп, күч-кайраты, жигердүүлүгү күчөгөн. Сугаттын баркын жакшы билген партиялык жетекчи областта айыл чарба, суу чарба иштерин колго алган. Кайрак, дың жерлерди пайдалануу жана өздөштүрүү боюнча көптөгөн чарбалар аралык кеңешмелер уюштурулуп, ар бир аймактын ыңгайлуу климаттык шартына жараша семинарлар өткөрүлгөн. Ошондой эле мал чарбачылыгын өнүктүрүү айыл – чарба продукциясын өндүрүүнү жогорулатуунун маанилүү булактарынын бири деп эсептеп, ага тоют даярдоону жакшыртуу керектигине жергиликтүү жетекчилерди ынандыргандыгын булактардын жардамы менен далилденген.

***4 - жыйынтык.*** 1960-жылдардын аягы - 1970-жылдардагы Ош областында өнөр жай, курулуш, транспорт-коммуникация жаатындагы өзгөрүлөр дагы түздөн-түз С.Ибраимовдун ишмердигине байланыштуу. Бул жылдарда (1968 - 1978) айрыкча Ош шаарынын өнүгүшү бир кыйла тездеген жана калаанын чарбасынын баардык тармактарында олуттуу ийгиликтер жаралган. Жылуулук – электр борбору мындагы бир катар өнөр жай ишканаларын жана шаардын турак үйлөрүн электр энергиясы, жылуулук менен камсыз кылууга жетишет. Радио уктуруу, почта, телефон, телеграф тез темпте өнүккөн. Областтын баардык райондорунда көптөгөн мектеп, ооруканалар, турак жайлар, бала бакчалар, ГЭСтердин курулгандыгы анын ишмердигинин далили. Ошондой эле Ош областынын калкынын социалдык

абалы кыйла жакшырып, маданий турмушунда көптөгөн өзгөрүүлөр болгондугу тууралуу маалыматтар архивдик булактардагы материалдар менен тастыкталган.

***5 - жыйынтык.*** С.Ибраимов кадр маселесин да ар дайым кабыргасынан коюп, «Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» - деген накыл сөздү эсине бек сактагандыктан илик – жарма, урук - тууганчылык жана жердешчилик сыяктуу ж.б. терс көрүнүштөргө каршы чечкиндүү күрөшүп келгендиги конкреттүү даректер менен тастыкталган.

***6 - жыйынтык.*** С. Ибраимов республикалык деңгээлдеги жетекчи кезинде: адегенде Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы кызматын аркалап турганда, Кыргызстандын өнүгүшү үчүн бир топ маанилүү иштерди аткарууга үлгүрдү. Ал Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы кызматына дайындалып, республиканын өкмөтүнө жетекчилик кылган учурда республика ар тараптан өнүгүп, экономиканын негизги багыттары: оор жана жеңил өнөр жайы, энергетика, машина куруу, курулуш, транспорт, тоо – кен өндүрүшү сыяктуу тармактар, ошондой эле айыл чарбасы өр тартып өйдөлөп, кескин өзгөрүүлөр даана көрүндү. Ошону менен бирге мезгилдин өктөм талаптарына ылайык алга карай уламдан улам туруктуу өнүгүү талап кылынган. Ошол себептен, С. Ибраимов борборго келип, алгачкы эле кызматка киришкен күндөн тартып аталган тармактарга тиешелүү бир топ токтомдорду чыгартып, аларды тез арада иш жүзүнө ашырууга аркеттенгендиги архивдик жана булактык базада тарыхый-объективдүүлүк, структуралык-функционалдык методдорду колдонуу аркылуу далилденген.

***7-жыйынтык.*** Кыргызстандын тарыхынын академиялык басылыштарындагы тиешелүү бөлүмдөрдө, жогорку окуу жайлар менен орто мектептердин окуу китептеринде С.И.Ибраимовдун жана ага замандаш мамлекеттик ишмерлердин республиканын советтик доордогу өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымын кеңири чагылдыруу мезгилдин талабына төп келет. Мезгилдүү басма сөз каражаттарында С.И. Ибраимовдун доору,

өтөлгөлүү өмүрү жана ишмердиги тууралуу илимий-популярдуу макалаларды байма-бай жарыялап, тематикалык теле көрсөтүүлөрдү, радио берүүлөрдү үзгүлтүксүз уюштуруу зарыл. Мындай иш-чаралар өз кезегинде жаштарга руханий-нравалык, мекенчилдик таалим-тарбия берүүдө баа жеткис ролду аткарат деген сунуштар айтылган.

***8-жыйынтык.*** Жогорудагы келтирилген жыйынтыктардын натыйжасында, автор С.И.Ибраимовдун өмүр жолун, мамлекеттик жана партиялык ишмердигине байланыштуу архивдик документтер менен мезгилдүү басма сөздө жарыяланган материалдарды колдонуу менен тарыхый-хранологиалык жана логикалык ыкмалар аркылуу корутундулаган.

## 4. Диссертациялык иште алынган илимий жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.

Изилденген теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык дэңгээли жогоруда айтылган эксперттик корутундунун беренелеринде кыйыр чагылдырылган. Ошол эле учурда өзгөчө жаңычылдык катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

***1-жыйынтык.*** илимий иштин негизги жаңычылдыгы бул тема диссертациялык деңгээлде мурун комплекстүү каралган эмес.

***2-жыйынтык.*** Кыргыз элинин советтик доордогу чыгаан партиялык жана мамлекеттик ишмери С.Ибраимовдун өмүр жолу, көп кырдуу ишмердүүлүгү, алгачкы жолу илимий негизде комплекстүү түрдө изилдөөгө алынган. Мурда жарыяланбаган көптөгөн архивдик материалдар илимий айлампага киргизилип, ал тууралуу үй-бүлөсүнүн, жакын санаалаштарынын эскерүүлөрү илимий нукта талдоого алынгандыгы ири жаңычылдык болуп саналат.

Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштар теориялык жоболордун негизинде туура түзүлгөн. Алар ички бир бүтүмдүктү түзүп турат.

## 5. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы.

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин төмөнкү жарыяланган эмгектеринде чагылдырылган.

1. Эрдолатова, Н.Н. Султан Ибраимовдун кадрларды туура тарбиялап өстүрүүдө жана коррупция менен күрөшүүдөгү ролу [Текст] / Н.Н.Эрдолатова // Наука и новые технологии. -Бишкек, 2013. - № 4.-С. 239-240.

2. Эрдолатова, Н.Н. Султан Ибраимовдун Кыргызстандын маданиятына кошкон салымы [Текст] / Н.Н. Эрдолатова // Alatoo Academic Studies. -Бишкек, 2017. -№ 4. -С.276 - 281.

3. Эрдолатова, Н.Н. Султан Ибраимовдун замандаштарынын эскерүүлөрү [Текст] / Н.Н. Эрдолатова // Известия Вузов Кыргызстана. -Бишкек, 2018 -№ 1. -С.160 -163.

4. Эрдолатова, Н.Н. С. Ибраимов Ош областынын жетекчиси [Текст] / Н.Н. Эрдолатова // Alatoo Academic Studies. -Бишкек, 2018. -№ 4. -С. 207 - 214.

5. Эрдолатова, Н.Н. С. Ибраимовдун Кыргыз Республиканын Өкмөтүнө жетекчилик кылышы [Текст] / Н.Н.Эрдолатова // Alatoo Academic Studies. -Бишкек, 2018. -№ 4. -С.199 - 206.

6. Эрдолатова, Н.Н. Вклад Султан Ибраимова в развитие водного хозяйство Кыргызской Республики [Текст] /Н.Н.Эрдолатова // Web of Scholar. -Польша, 2018. -№ 5 (23). - Vol. 4. -С.51-55.

7. Эрдолатова, Н.Н. Окружение Султана Ибраимова, его зрелость [Текст] / Н.Н. Эрдолатова // Web of Scholar. -Польша, 2018. - № 5 (23). - Vol. 4. -С.56-61.

## 6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү.

Автореферат диссертациянын мазмунуна толук туура келет, диссертацияда максаты жана милдеттерине авторефераттын текстинде

чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

### 7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.

Диссертациялык изилдөөнүн темасы актуалдуу жана бүгүнкү күндүн талабына жооп берээри шексиз. Ошол эле убакта изилдөөдө байкалган мүчүлүштүктөргө диссертантын көнүлүн бургубуз келет.

1. Тарыхый инсан С. Ибраимовдун мамлекеттик ишмердүүлүгү Советтер Социалисттик Республикалар Союзунун алкагында өткөндүгү белгилүү, ошондуктан бул каарманыбыздын аткарган иштерин ошол өңүттөн баа берилсе изилдөөнүн эл аралык мааниси да ачыкталаар эле.
2. Тарыхый инсандарды изилдөөдө белгилүү тарыхчы Дж.Тоинбинин пикирин да методологиялык багыт катары эске алып, келечекте колдонсо иштин сапаты жогору болмок.
3. С. Ибрамовдун ата-энеси жөнүндө маалыматтар кененирээк берилсе, изилдөөнүн кызыктуулугу артмак.
4. С.Ибраимовдун трагедиялык өлүмүнүн эпизоту дагы дыккат терең ачыкталса, коомчулуктун кызыгуусун канатаандырмакчы.
5. Текстте Советтик мезгилдеги терминдер (маселен: рубль, процент ж.б.) азыркы кыргыз тилиндеги айтылышында берилген, түзөтүү талап кылынат.
6. Диссертациялык иште бир катар техникалык мүчүлүштүктөргө жол берилген. Аларды иреттөө зарыл.

Бирок жогоруда белгиленген кемчиликтер, диссертациянын маани-маңызына, анын илимий баалуулугуна эч таасирин тийгизбейт. Диссертациялык иш жогорку илимий деңгээлде, маалыматтарга бай, жаңы көз караш менен тийешелүү талаптарга ылайктуу жазылган изилдөө.

## 8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосундагы талаптарга диссертациянын жооп бериши

К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин «Кыргызстан жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын мүчөлөрү изденүүчү **Эрдолатова Нургуль Нуралиевнанын "Султан Ибраимов – мамлекеттик жана саясий ишмер" – деген** аталыштагы диссертациясынын мазмуну, объектиси менен предмети, түзүмү, илимий деңгээли, жасалгаланышы Кыргыз Улуттук Аттестациялык Комиссиянын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет жана изденүүчү **Эрдолатова Нургуль Нуралиевнага** 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасыналууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин «Кыргызстан жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасы тарабынан 2019-жылдын 15-ноябрда өткөн атайын отурумунда талкууланган (протокол №3).

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:** Д.Б.Сапаралиев – кафедра башчысы, т.и.к., профессордун м. а; Т.Т. Машрапов - т.и.к., профессордун м. а.,; Т. М. Рыскулов т.и.к., доцент; Т.О. Бейшеналиев – т.и.к., доцент; С. У. Дюшенбиев доцент; М.М. Бегалиев – ага окутуучу; А. Ж. Арзыматова – ага окутуучу; С. М. Смайылова – ага окутуучу; Э. А. Сыдыкова, А. К.Узакова – катчы.

**К.Карасаев атындагы БГУнин Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын башчысы т.и.к., профессордун м. а.** — **Д.Б. Сапаралиев**

**Катчы** — **А.К. Узакова**

КОЛУН ТАСТЫЙКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«19» 11 2019 ж.